**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ИЧКИ ИШТЕР МИНИСТИРЛИГИ
ОШ ШААРДЫК ИЧКИ ИШТЕР
БАШКАРМАЛЫГЫ**

Ош ш. ул.Э.Алиев көч. № 128 (тел. 03222 2-27-23, 4-82-82)

**МИНИСТЕРСТВО ВНУТРЕННИХ ДЕЛ
КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ
УПРАВЛЕНИЕ ВНУТРЕННИХ ДЕЛ
ГОРОДА ОШ**

г.Ош ул. Э.Алиева № 128 (тел. 03222 2-27-23, 4-82-82)

«08» 07. 2021-жыл. чыг. № 32/3-6169

Вход. 224
09.07.21

Ош шаардык АШКнын
төрагасы
**У. Аттокуровго**

Ош ШИИБдин Тергөө кызматы тарабынан Кыргыз Республикасынын Жазык кодексинин 192-беренесинин 2-бөлүму менен (шайлоочуларды сатып алуу) 03-041-2021-001195 сандуу сотко чейинки өндүруш иши ачылып, тергөө аракеттери жүргүзүлүүдө.

Тактап айтканда, Ош шаардык кеңешке “Бир Бол” саясий партиясынан депутаттыкка талапкер, [redacted] партиянын ишенимдүү өкүлү катары же үгүттөөчүсү катары каттоого алынбаган атуулдар менен Ош шаарынын аймагында шайлоочуларды сатып алуу менен алектенип жаткандыгы такталган.

Ыкчам-тергөө аракеттеринин жүрушүндө, “Бир Бол” саясий партиясынан депутаттыкка талапкер [redacted] шайлоочуларды сатып алууга багытталган аракеттерди өзүнүн жана [redacted] көрсөтмөлөрү менен, далил зат катары алынган акча каражаттары менен, беттештирүү жөнүндөгү тергөө аракеттери менен жана башка жыйналган материалдардын негизинде толугу менен далилденген.

Башкача айтканда, Ош шаарынын Төлөнов көчөсүндөгү “ДОСАФ” ишканасында жайгашкан “Бир Бол” саясий партиясынын штабынын ичинде, “Бир Бол” саясий партиясынан депутаттыкка талапкер [redacted], Төлөнов көчөсүнүн [redacted]-үйүнүн тургуну [redacted] **5 000 (беш миң)** сом накталай акча каражатын жана төрт даана “Бир Бол” саясий партиясынын үгүт баракча-календарларын бергендиги такталып, бул акча каражаттары менен календарлар [redacted] далил заттар катарында алынган.

Ошондой эле, Ош шаарынын Туран кичи шаарчасындагы “Бир Бол” саясий партиясынын имаратына кийинкиге калтырууга болбогон жагдайларга байланыштуу тинтүү жүргүзүлүп, тинтүү учурунда ал жерден “ACER” үлгүсүндөгү ноутбук,[redacted] тиешелүү “Самсунг” үлгүсүндөгү уюлдук телефону, 61 (алтымыш бир) үгүттөчүлөрдүн тизмеси жазылган эки А-4 форматындагы барактар, 63 (алтымыш үч) шайлоочулардын тизмелери жазылган А-4 форматындагы 5 даана барак далил зат катары алынды.

Андан сырткары, “Бир Бол” саясий партиясы жайгашкан имараттын жанында орун алган кичи дүкөндө орнотулган видеокөзөмөл камерасынан, [redacted] менен депутаттыкка талапкер [redacted] жолугуп, чогуу кирип кеткен мезгилде тартылган видетасмасы далил зат катары алынган.

Сканировано с CamScanner

Башкача айтканда, "Бир Бол" саясий партиясынан Ош шаардык кеңешке депутаттыкка талапкер [redacted] ачык түрдө "Бир Бол" саясий партиясынын штабында шайлоочуларды сатып алуу менен алектенип жатканы аныкталып турат.

Ошол себептен, "Бир Бол" саясий партиясынын талапкери: [redacted]-жылы Ош шаарында туулган, улуту өзбек, билими жогорку, үй бүлөлүү, сөзүнөн мурда соттолбогон, убактылуу иштебейт, Ош шаарынын А.Шакиров көчөсүнүн [redacted] үйүнүн тургуну [redacted] Кыргыз Республикасынын Жазык кодексинин 192-беренесинин 2-бөлүмү менен шектүү катары кабарлама берилип, Кыргыз Республикасынын ЖПКнин 98,99-беренелерине ылайык Ош шаардык ИИБнын УКЖна киргизилген.

Жогоруда белгиленген, Кыргыз Республикасынын ЖПКнин талаптарына ылайык аныкталган жайгдайларды кабарлоо иретинде, Ош шаардык Аймактык шайлоо комиссиясынын ыйгарым укугунун алкагында КРнын мыйзамдыраныа ылайык кароо үчүн билдиребиз.

**Начальниктин орун басары**
**милциянын полковниги** **А.Раимбердиев**

Сканировано с CamScanner